АДАБИЯТТАР:

1. Виноградов В.В. Основные вопросы синтаксиса предложения. –В кн.: Вопросы грамматического строя. –Москва: АН СССР, 1955. –1, 435-стр.
2. Дүйшеев Д.Ж. Интонации простого повествователного предложения в современном киргизском языке. Автореф. канд. дисс. –Фрунзе, 1980.
3. Жапаров А. Кыргыз тилинин синтаксиси. Жогорку окуу жайлары үчүн окуу китеби. –Фрунзе: Мектеп, 1979.
4. Жакыпов Ы., Майрыков Д. ж.б. Кыргыз тили. Синтаксис II бөлүк. –Фрунзе: Мектеп, 1973.
5. Жусаев Ж. Грамматические средства выражения категории модальности в современном кыргызском языке. –Бишкек: ИГУ, 2000.
6. Иманов А., Сапарбаев А. Кыргыз тили. II болүк, Синтаксис: Педагогикалык окуу жайлар үчүн. –Фрунзе: Мектеп, 1990.
7. Иманов А. Кыргыз тили. Жогорку окуу жайларынын филология факулңтетинин сырттан окуучу студенттери үчүн. –Фрунзе: Мектеп,1990.
8. Өмүралиев Б. Кыргыз тилин окутуунун урунттуу маселелери. –Фрунзе: Мектеп, 1986.

УДК 378.144

Б.С.Чокошева

*И.Арабаев атындагы КМПУ*

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТА СЫН АТООЧТУ ОКУТУУДА МОРФОЛОГИЯЛЫК ТАЛДОО ЖҮРГҮЗҮҮ

*Кыргыз тилин башталгыч класста окутуунун негизги булагы болуп тил илими эсептелинет. Ал тилдик материалдын мазмунуна жана өзгөчөлүгүнө жараша изилденип, кыргыз тилин окутуунун методдору жана ыкмалары белгиленет. Башталгыч класста морфологияны окутуунун негизги иш аракеттеринин бири – морфологиялык талдоо. Ушуга байланыштуу бул макалада башталгыч класста сын атоочту окутууда морфологиялык талдоолорду жүргүзүү боюнча маселелер козголду.*

Көрүнүктүү окумуштуу-педагогдор, методисттер грамматикалык талдоого зор маани берип келе жаткандыктары эчактан бери эле белгилүү. Улуу педагог К.Д.Ушинский да ага мындайча баа берген: «Бизде дайыма колдонулуп келе жаткан грамматикалык талдоо эң мыкты ыкмалардын биринен болуп саналат» [6, 384-б.].

Мектепте морфологиялык талдоо эки багытта жүргүзүлөт:

1) сөздүн курамына карай ажыратуу; 2) сөз түркүмдөрү боюнча талдоо. Бул багыттар боюнча төмөнкүдөй ырааттуулукта талдоо жүргүзүү талапка ылайыктуу: а) сөздү курамына карай уңгу жана мүчөгө ажыратуу. Уңгу менен мүчөнүн түрлөрүн аныктоо. б) сөз түркүмү боюнча талдоо. Сөздүн кайсы сөз түркүмүнөн экендигин, ага берилүүчү суроосун, грамматикалык белгилерин көрсөтүү.

Ал эми сын атооч сөз түркүмүнө кирген сөздөрдү морфологиялык жактан талдоодо төмөнкүдөй иш-аракеттер аткарылат: а) сын атооч сөздү курамына карай ажыратуу. Эгерде ал уңгу түрүндө турса, аны белгилеп, ал эми мүчөнүн жардамы менен жасалса, ал кайсы мүчө экендигин айтып берүү. б) сөздүн сын атооч сөз түркүмүнө кирерин, кандай суроого жооп берип тургандыгын, кайсы даражада экендигин талдоо керек. Эгерде ал затташкан (субстантивдешкен) сын атооч болсо, аны белгилөө керек.

Жогоруда көрсөтүлгөн тартип боюнча морфологиялык талдоо жүргүзүп көрөлү:

Берекелүү күз мезгилинде мол түшүм жыйналды. 1) Береке-лүү (уңгусу береке, -лүү мүчөсү, сөз жасоочу мүчө; анын ичинен зат атоочтон сын атоочту жасоочу мүчө). Күз – уңгу түрүндө турат; мезгил – и – нде – мезгил – уңгусу, и – сөз өзгөртүүчү мүчө, анын ичинен таандык категориянын III жагынын мүчөсү; нде – сөз өзгөртүүчү мүчө, жөндөмө мүчө, жатыш жөндөмөсүнүн мүчөсү. Эскертүү: III жактын таандык мүчөсү уланып турган сөз жөндөлгөндө, жатыш жөндөмөсүнүн негизги –да мүчөсүнө «н» тыбышы кошулуп айтылат: мол – уңгу түрүндө турат; түшүм – уңгу түрүндө турат; жый-на-л-ды – уңгусу – жый, -на (-ла) – сөз жасоочу, этиштен этиш жасоочу мүчө; -л – сөз өзгөртүүчү мүчө,

этиштин өткөн чагын уюштуруучу мүчө. 2) Берекелүү – сын атооч, кандай? деген суроого жооп берет, катыштык сын, жай даража; күз – зат атооч, эмне? деген суроого жооп берет, жалпы ат, атооч жөндөмөсүндө турат; мезгилинде – зат атооч, эмнесинде? Деген суроого жооп берет, жалпы ат, жөнөкөй, жатыш жөндөмөсүндө; мол – сын атооч, кандай? деген суроого жооп берет, сапаттык сын, жай даражада; түшүм – зат атооч, эмне? деген суроого жооп берет, жалпы, жөнөкөй, атооч жөндөмөсүндө; жыйналды – этиш, эмне кылды? деген суроого жооп берет, жөнөкөй, өткөн чакты билдирет.

Эгерде сын атооч сөздөргө талдоо жүргүзсөк, анда төмөнкүдөй болот:

1. Илгери-илгери акылдуу хан жашаптыр. Акылдуу – акыл – уңгусу; -дуу мүчөсү, сөз жасоочу мүчө, зат атоочтон сын атоочту жасоочу мүчө, -луу мүчөсүнүн өзгөргөн варианты. Сын атооч, кандай? деген суроого жооп берет, катыштык сын, жай даража.

2. Жакшы адамдын белгиси – эл камы үчүн күйүнөт (макал) жакшы – уңгу түрүндө турат; сын атооч, кандай? деген суроого жооп берет, сапаттык сын, жай даража.

Мындай талдоолорду жүргүзүүнүн негизги максаты окуучулардын теориялык билимдерин практикада колдоно билүүгө машыктыруу болуп саналат.

Сын атоочко морфологиялык жактан талдоо жүргүзүүнүн дагы бир максаты – аны башка сөз түркүмдөрү менен чаташтырбоо, айырмасын жана окшоштуктарын даана билүүгө үйрөтүү.

Улуу педагог К.Д.Ушинский окуучунун ой жүгүртүү жана кабыл алуусуна салытыруунун зор мааниге ээ болоорун баса белгилеген: «Салыштыруу – таанып – билүүнүн жана ой жүгүртүүнүн негизи, ошондуктан ал дидактикада олуттуу ыкмалардан болууга тийиш» [7, 332-б.].

Талдоо учурунда салыштыруу ыкмасы жакшы натыйжа берет. Мында төмөнкүдөй ырааттуулуктун болушу зарыл. Биринчиден, салыштырыла турган сөздөр бөлүнүп алынып андан кийин алардын сүйлөмдөгү орду, мааниси, кайсы сөз менен байланышкандыгы жана анын кандай белгисин билдирип тургандыгы, кандай суроого жооп бергендиги аныкталат, бири-бирине салыштырылат, тагыраак айтканда, алардын ортосундагы окшоштуктар жана айырмачылыктар көрсөтүлүп, жыйынтык чыгарылат. Мисалы: 1. Жакшы сөз жан эритет, жаман сөз жан кейитет. 2. Жакшы болуш аста-аста, жаман болуш бир паста (макал).

Бул макалдардагы «жакшы» жана «жаман» деген сөздөрдүн кайсы сөз түркүмүнө тиешелүү эндигин окуучуларга түшүндүрүш үчүн, мугалим биринчи макалдагы «жакшы», «жаман» дегендер «сөз» деген зат атоочту жандап, анын бир белгисин, башкача айтканда, сапатын билдирип тургандыгын, алар сын атооч экендигин, ал эми экинчи макалдагы «жаман» жана «жакшы» деген сөздөр «болуш» деген этиш сөздү жандап тургандыгы айтылат.

Мындай ыкма ырааттуу түрдө жүргүзүлө турган болсо, окуучулар өз алдынча иштөөгө, ой жүгүртүүгө, жалпылоого, жыйынтык чыгарууга машыгышат.

Сын атооч сөздөргө морфологиялык талдоо жүргүзүүдө алардын затташкан түрүн талдоо иштери да унутта калбаш керек, анткени мындай сын атоочторду окуучулар зат атооч менен көп учурда чаташтырышат. Мисалы: Күлүктөн күлүк чыкса, төрт аягы тыбырайт (макал). Күлүк эмне? деген суроого жооп берди. Демек, ал зат атооч деп жооп берет окуучу. Ошондой эле Жакшынын өзү өлсө да, сөзү өлбөйт (макал). Акылдуунун сөзү кыска, айта салса нуска (макал). Жакшыга жанаш, жамандан адаш (макал), деген сыяктуу мисалдардагы күлүк, жакшынын, жамандан, акылдуунун деген сөздөр адам деген зат атооч сөздөрдүн маанисин өзүнө кабыл алып, затташты.

Морфологиялык талдоо жүргүзүү учурунда тапшырмалардын ар түрдүү мазмунунда болушу талапка ылайыктуу. Мисалы:

1) Сын атооч сөздөрдү таап, аларды сөздүн курамына ажыраткыла. Мүчөнүн түрлөрүн айтып бергиле: Балалуу үй – базар, баласыз үй – мазар (макал). Дүйнөдө энеден мээримдүү эч бир жан жок.

2) Төмөнкү сын атоочтордун уңгу түрүндө турганын өзүнчө, мүчөнүн жардамы менен жасалганын өзүнчө бөлүп жазгыла: таза, мээримдүү, ачуу, жакшы, тунук, шаардык, көлөкөлүү, жарык, балалуу, күнөстүү, бийик, даамдуу, сулуу, эмгекчил, бай.

3) Сүйлөмдөгү сын атооч сөздөргө морфологиялык талдоо жүргүзгүлө: Апам кооз

шырдак жасады. Элжар жакшы окуучу. Шаарыбызда бийик-бийик үйлөр көп. Биз күнөстүү Кыргызстанда жашайбыз.

4) Затташкан сын атоочторду уңгу мүчөгө ажыратып, мүчөнүн түрлөрүн айтып бергиле: Жакшынын шарапаты, жамандын кесепети тиет. Жакшынын жардамы тиер ар жерде.

Морфологиялык талдоо жүргүзүүдө окуучулар эне тилибиздин грамматикалык өзгөчөлүктөрүнөн кабар алынат. Теориялык эрежелерди практика жүзүндө колдоно билүүгө жетишишет.

Морфологиялык талдоолор ар бир класста (1-4-кл) алган билимине ылайык өтүлгөн грамматикалык материалдардын негизинде жүргүзүлөт. Ошондуктан ал программанын талабына жараша жеңил да, оор да болбостон, нормалдуу жүргүзүлүшү керек. Мындай талдоолор окуучулардын ойлоосун өстүрүү менен, алардын байкагычтыгын арттырып, тилдик маалыматтардын бири-бирине салыштырууга, окшоштугун белгилөөгө жана айырмачылыктарын табууга жана жыйынтык чыгарууга жетишишүүгө мүмкүнчүлүк алат. Бул жагынан алганда морфологиялык талдоолор өтүлгөн материалдарды бышыктоо жана окуучулардын алган билимдерин текшерүү үчүн колдонулуучу ыңгайлуу методдордун бир түрү катарында эсептөөгө болот.

Морфологиялык талдоо өтүлүүчү материалдардын мазмунуна жараша эки түрдүү жүргүзүлүшү мүмкүн: а)тематикалык талдоо, б)жалпы талдоо. Тематикалык талдоо белгилүү гана өтүлгөн матеиалды өз кучагына алса, жалпы талдоо өтүлгөн бардык материалдардын негизинде жүргүзүлөт.

Башталгыч класстардын окуучуларына көбүнчө тематикалык талдоолорду жүргүзүү жакшы натыйжа берери педагогикалык байкоолордо аныкталган. Мындай талдоодо ар бир темага жана сабактын максатына ылайык иш алып барылат. Мисалы: заттардын белгисин билдирүүчү сөздөр, сын атоочтун даражалары, ж.б.у.с. сын атоочко байланыштуу темалар өтүлгөндөн кийин тематикалык талдоолорду жүргүзүү керек. Ал эми жалпы талдоолорду ар бир чейректин аягында, окуу жылынын биринчи жарым жылдыгында же окуу жылынын аягында жүргүзүүгө болот. Морфологиялык талдоо үчүн алынган материалдар грамматикалык эрежени бекемдегендей болуу тийиш. Талдоо оозеки жана жазуу жүзүндө жүргүзүлөт. Оозеки талдоодо окуучулар өтүлгөн грамматикалык эрежелерди, аныктамаларды айтуу менен, мисалдарды келтиришет. Тема боюнча суроолорго жооп беришет, эрежени айтышат. Ал эми жазуу жүзүндөгү талдоодо сын атооч сөздөрдү таап, алдын сызышат, кандай суроого жооп берип тургандыгын айтып, сөздү курамына карай ажыратышат. Айрым учурда окуу китебиндеги сын атоочтор катышкан тестти көчүрүп жазуу жолу менен да ал сөздөргө талдоо жүргүзүүгө болот. Сын атооч сөздөрдү талдоо үчүн атайын даярдалган көрсөтмө куралдар пайдаланылса, окуучулардын ал сөз түркүмүн терең өздөштүрүүсүнө мүмкүнчүлүк ачат. Мисалы, уңгулаш сын атоочторду сөз курамына ажыратуу үчүн төмөнкүдөй таблицаны пайдаланууга болот (3-4-класстарда):

| Сөздөр | Сөздүн уңгусу | Мүчөсү |
|---|---|---|
| Балалуу<br>баласыз<br>баладай | бала<br>бала<br>бала | -луу<br>-сыз<br>-дай |

Же болбосо:

| Сөздөр | Кайсы сөз түр/нө кирет | Кандай суроого жооп берет | Уңгусу | Мүчөсү |
|---|---|---|---|---|
| бактылуу | сын атооч | кандай? | бакты | -луу |
| шаардык | сын атооч | кайсы? | шаар | -дык |
| балдай | сын атооч | кандай? | бал | -дай |
| суусуз | сын атооч | кандай? | суу | -суз |

Таблицалардан тышкары ар түрдүү түстүү сүрөттөрдөгү заттардын белгисин билдирген сөздөрдү таптырышып, аларды доскага жаздыруу менен, сөз курамына карай ажыраттырып, суроо койдуртуп талдатууга болот. Мындай талдоолорду жүргүзүүдө ошондой эле сын атоочтордун маанилеш сөздөрүн, карама-каршы маанидеги сөздөрдү

таптыртып, аларды талдатса да окуучулардын кызыгуусу артат. Мисалы: кыш суук, жаз кандай?

кумшекер таттуу, туз кандай?
көмүр кара, бор кандай?
кебез жумак, таш кандай?

Бул суроолорго жооп алуу менен сын атооч сөздөрдү бири-бири менен салыштырып, аларга суроо койдуртуп талдаттырабыз.

Морфологиялык талдоолор окуучуларга жеткиликтүү жана түшүнүктүү болуусу үчүн мугалим анын үлгүсүн өзү бир нече жолу көрсөтүп, талдоо жүргүзүп берет. Талдоо үчүн алынган сөздөр жана сүйлөмдөр окуучуларга түшүнүктүү болуу менен тарбиялык мааниси бар, же окуучулардын турмушу менен байланышкан акын-жазуучулардын чыгармалардан, макал-лакаптардан, табышмак, жаңылмачтардан, оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүнөн болсо, сабактын эффективдүүлүгүн ого бетер арттырат.

Башталгыч класстарда жүргүзүлүүчү грамматикалык көнүгүүлөр грамматикалык талдоо менен тыгыз байланышкан. Ошондуктан бардык көнүгүүлөр грамматикалык талдоолор менен тыгыз байланышта, аны менен коштолуп жүрсө, зор натыйжа берери анык. Өзгөчө жазуу түрүндөгү: көчүрүп жазуу, диктант, изложения, сочинение сыяктуу көнүгүүлөр грамматикалык талдоолор, анын ичинде морфологиялык талдоолор менен, алардын тапшырмалары менен жаздыртылууга тийиш.

Морфологиялык талдоо баталгыч класста 2-4-класстарда ырааттуу түрдө жүргүзүлөт. Талдоонун кайсы түрү, кайсы класста, кайсы темага байланыштуу жүргүзүлө тургандыгы ар бир класста өтүлгөн морфологиялык материалдарга жана программада жайгаштырылышына, талабына байланыштуу болот.

Сын атооч боюнча морфологиялык талдоо жүргүзүүдө да программада жана окуу китебинде жайгатырылган материалдардын негизинде иш алып барылат. Ар бир талдоого мугалим күн мурунтан материалдарды даярдап, аны жүргүзүү учурунда үлгүсүн окуучуларга көрсөтүп берип, андан кийин окуучуларга иштеттирет.

Сын атоочту окутууда морфологиялык талдоолорду ырааттуу жүргүзүү окуучулардын ал сөз түркүмү боюнча алган билимдерин бышыктап, бекемдөөгө жана аны иш жүзүнө колдоно билүүгө кеңири шарт түзөт.

АДАБИЯТТАР:


1. Абдуллаев Э., Давлетов С., Иманов А., Турсунов А. Кыргыз тили. -Пединституттардын педагогика факультети үчүн. –Фрунзе: Мектеп, 1986.
2. Башталгыч класстардын программалары. –Бишкек: Мектеп, 2000.
3. Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили. Морфология. –Фрунзе: Мектеп, 1980.
4. Дыйканов К. Кыргыз тилинин таблицалары. –Фрунзе: Мектеп, 1971.
5. Турусбеков С., Бердибаев Э., Рысбеков Б., Сартбаев К. Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы. –Фрунзе: Мектеп, 1965.
6. Ушинский К.Д. Собрание сочинений. Ч.2., -М.: АПН РСФСР,1948.
7. Ушинский К.Д. Руководство к преподаванию по «Родному слову» -М.: АПН РСФСР, 1949.


УДК 378.144

Ч.Ж.Карамендеева

*И.Арабаев атындагы КМПУ*

## ЖӨНӨКӨЙ СҮЙЛӨМДҮН ТЫНЫШ БЕЛГИЛЕРИНИН НЕГИЗГИ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

*Коомдо адамдардын өз ара пикир алышуу процесси сүйлөм аркылуу жүзөгө ашырылат. Ал эми жазуу түрүндөгү ой-пикирди ачык-так билдирүүдө пунктуациянын мааниси чоң. Ушуга байланыштуу аталган макалада кыргыз тилинин пунктуациясынын мааниси, кызматы жана анын принциптери жөнүндө теориялык маалыматтар берилди.*

Жазууда тыныш белгилерди туура колдонууда анын төмөнкүдөй принциптерине таянабыз: айтылып жаткан ойдун маанисине, сүйлөмдүн синтаксистик түзүлүшүнө,